
# *“Тил – ойдун сандыгы!..”*



## АЧУУ ЧЫНДЫК!

Какшай берип кара жаагым талууда,
Кыз-уулдарың эне тилин тануууда.
Карыялар, байбичелер азайып,
Көр астында канча байлык калууда!..



«Мамлекеттик тил

Мамлекеттик тил – мамлекетте иш кагаздарын жана сот иштерин алып барууда, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларында окутууну жүргүзүүдө бир өлкөдө милдеттүү колдонулуучу тил. Кыргыз ССРинин Жогорку Совети 1989-жылы 23-сентябрда "Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзам кабыл алынып, андан сон кыргыз тилине мамлекеттик тил макамы берилген. Бул мыйзам 2004-жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили мамлекеттик тил, ал эми орус тили расмий тил деп жарыяланган.

Кыргыз тили Мамлекеттик тил статусун алуу менен, Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын тилдеринин өнүгүшүнө кам көрүү конституцияда, тил мыйзамында баса көрсөтүлгөн. Ошондуктан мектептерде орус, өзбек, казак, дуңган жана башка тилдерде окутуу жүргүзүлүүдө.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин палаталары кабыл алган мыйзамдар мамлекеттик тилде жана расмий тилдерде жарыяланат. Иш кагаздары, сот иштери мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт. Эгерде айыпкер сот иши жүрүп жаткан тилди билбесе, анда ага эне тилде сүйлөө же тилмечтен пайдалануу укугу берилет. Кыргыз тилине Мамлекеттик тил статусунун берилиши – адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө болгон зор кадам, ошону менен бирге коомдун руханий жаңылануугa, жаңыча ой жүгүртүүгө багыт алуусу. Тил – улуттун баа жеткис зор байлыгы. Тил – улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт.Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил – кыргыз тили бардык мекеме-ишканаларында, уюмдарда, билим берүүдө, маданият, массалык маалымат каражаттарында, байланыш тармактарында, илимде, мамлекетте, өкмөттүк башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда жана жеке менчик тармактарында, жыйындарында, транспортто, соода-сатык, саламаттыкты сактоо, тейлөө ишканаларында колдонулат. Мамлекеттик тил – бул мамлекеттеги улуттардын ортосундагы байланыштын, пикир алышуунун куралы.

ТИЛИМ МЕНЕН УЛУТМУН!

Эй жарандар,

Эрендер,

Бектер жана берендер,

Кыргыз тили жонундогу ырлар,

Кыргыз тили кылымдарды баскан тил
Кыргыз тили корком дуйно дастан тил.
Кыргыз тили бабам Манас жашаган ,
Мезгилдеги зор кайратты каткан тил.

Кыргыз тили бабалардан калган тил ,
Кыргыз тили-тээ тупкурдон жанган тил.
Кыргыз тили –байыркынын дастаны,
Бир мезгилде мунга баткан арман тил.

Келбесе соз суйлого кызыл тилим,
Кайдан болсун азыркы толгон билим.
Соз суйлоп, создон созго жетпеген сон,
Дуйнонун  биз билмекпиз кайсы бирин.

Эне тилим жашай турган жылдарым ,
Эне тилим эмгек, кайрык ырларым .
Аны чанып суйлогончо ботон тил,
Жакшы менин азыр олуп тынганы.

Азат куну тийгенче кыргыз тили,
Иштелбей ичте жаткан кат-кат кири.
Элимдин эркиндиги жок кезинде,
Жазылган кайдан журуп, тилден чери.

Тил бутпос элдин байлыгы,
Тилден билет дайынынды.
Тил менен айтып билгизет,
Кубанын менен кагыны.

Тилине кулдук энем, атам,
Кечиргин мен тараптан болсо катам.
Сен суйгон, сен суйлогон ушул тилди,
Кубултуп, безеп ырдап келе жатам.

Алтынай

Эл баштаган кеменгер,

Мейли бакыр,

Мейли баатыр… -

«МЕН КЫРГЫЗМЫН» дегендер!

Зоок үчүн келгеним жок бужерге.

Соболум бар

Айта турган силерге.

Бир АТАЖУРТ,

Бир АСАБА,

Бир АЖО бар бир элде.

Анан муну билип ал,

Кулагыңа сырга кылып илип ал: -

Ар адамдын

Ар башкача дини бар,

Ар башкача дили бар,

Бирок билгин,

Бирден гана тили бар,

Билгин,

Муну билип ал!

Эй эрендер!

Эскертерим силерге:

Чындап кызмат кылам десе ким элге,

Сүйсүн тилин

Сүйгөн жарын сүйгөндөй,

Күйсүн тилге

Перзентине күйгөндөй.

Жалгыз ырын ырдай берет кекилик,

Кекиликтер койсун мени кечирип.

Эне тилин билбей туруп,

Эне тилге күйбөй туруп,

Эли-журтун

Сүйөмүн деш чекилик.

Ысыгыңа алар күйүп,

Суугуңа тоңалбайт,

Эне тилин түшүнбөгөн

Кур кыйкырып күпүлдөгөн,

Эч убакта Ата Журттун

Анык уулу болалбайт!

# Тил тууралуу макал-лакаптар

*Тили балдын дили бал, тили уунун пейли тар.*

*Улуттун күчү тилинде, тилдин күчү дилинде.*

*Тили таза улуттун, дили таза.*

*Улут тили менен өсөт, дили менен толот.*

*Тилин жээриген элин жээрийт,*
*Динин жээригендин ыйманы кемийт.*

*Эне тилди барктаганың, эне сүтүн актаганың.*

*Тилди өнүктүргөнүң, улутуңду өстүргөнүң.*

*Эне тили-улук, эне сүтү-ыйык.*

*Эне тилин сүйгөн адам, улут үчүн күйгөн адам.*

*Үрөөн жерден өсөт, тил элден өсөт.*

*Тилиңди жээригениң, акыл-эсиңен кемигениң.*

*Кыргыз тили улуу тил,*
*Чынгыз сүйгөн сулуу тил.*

*Улут намысын тил коргойт,*
*жигит намысын дил коргойт.*

*Тил кылычтан өткүр.*

*Тил-үрөөн, достук, тынчтык-түшүм.*

*Сөз тил менен, иш дил менен.*

*Эне тилди даңктаганың,*
*Көз карегиндей сактаганың.*

*Тил кылычтан курч, оттон күчтүү.*